# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АКРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)

## Инновациялык техологиялар жана энергетика жүргүзүлгөн институционалдык аккредитациянын алгачкы жыйынтыктары.

**Төрага:** Исмаилов Бактыбек Искакович
ББПУАА Президенти, КР билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери, т.и.д., профессор.

**Комиссия мүчөлөрү:**

1. Исаков Топчубай Эргешович
Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университети, «Педагогика жана окутуунун инновациялык технологиялары» илимий-изилдөө борборунун директору, п.и.к., доцент.

2. Орозбаева Жылдызкан Мариповна
Борбордук Азия эл аралык медициналык университети, фармацевтикалык дисциплиналар кафедрасынын башчысы, биол.и.к., доцент.

**Референт:** Мамбеталиева Светлана Медетбековна
ББПУАА директору, т.и.к.

*27.12.2025-жыл*

**Стандарт 1. Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты**

**Алсыз жактары:**

1. Миссия жалпы формада жазылган, конкреттулугу жетишсиз жана миссиянын жетишуусунун механизми көрсөтулбөгөн
2. Стратегиялык планда кутулуучу натыйжалар жана аткаруучулар (жооопту кызматкерлер) көрсөтулбөгөн.
3. Сапатты башкаруу системасы ишке ашыруу стадиясында.

**Сунуштамалар:**

1. 1.04.2026 чейин миссияны кайра карап чыгуу зарыл. Миссияны конкреттештирип жана анын жетишүү механизмин корсотуш керек.
2. 1.04.2026 чейин Стратегиялык планды кайра карап чыгуу керек, кутулуучу натыйжаларды жана аткаруучуларды (жооопту кызматкерлерди) корсотуп.
3. Бир жылдын ичинде СМК ны толуктап, ISO нун стандарттарына тууралап иштеп чыгыш керек.

***1 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.***

**2 - Стандарт. Адам ресурстарын башкаруу**

**Алсыз жактары:**

1. окуу жайда профессордук - окутуучулук курамды жана кызматкерлерди жумушка кабыл алуу жана кызматтык ордун жогорулатууда кесиптик стандартты эске алуу каралбаган;
2. окуу жайда профессордук – окутуучулук курамдын квалификацияларын жогорулатууну камсыз кылуу пландуу түрдө системага келтирилбеген;
3. билим алуучулардын жана кызматкерлердин канааттануу денгээлине системалуу түрдө мониторинг жүргүзүү жана анын натыйжасында алардын эмгек шарттарын жакшыртуу боюнча тиешелүү деңгээлде иштер алынып барылбайт;

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдан баштап профессордук - окутуучулук курамды жана кызматкерлерди жумушка кабыл алуу жана кызматтык ордун жогорулатууда алардын кесиптик компетенцияларын так аныктоо максатында педагогдун кесиптик стандартын эске алуу жолго коюлсун;
2. 2025-2026-окуу жылынын экинчи жарымынан баштап профессордук – окутуучулук курамдын квалификацияларын жогорулатууну камсыз кылуу пландары иштелип чыгылсын жана системалуу иш алынып барылсын. Окуу жайда бул максатта атайын борборду асуу маселеси каралсын.

3. 2025-2026-окуу жылынын экинчи жарымынан баштап билим алуучулардын жана кызматкерлердин канааттануу деңгээлине мониторинг жүргүзүү иштери жакшыртылсын жана анын натыйжалары кызматкерлердин эмгек шарттарын жакшыртууда эске алынсын

*2 - Стандарт 2 жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.*

**3 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Күчтүү жактары:**

1. Окуу жайдын инфраструктурасын өнүктүрүү үчүн кошумча инвестиция тартуу боюнча учредительдердин жогорку активдүүлүгү.
2. Баардык дисциплиналар окуу-усулдук материалдар менен жакшы камсыздалган.
3. Окуу жайдын өздүк басмаканасынын болушу.

*3- Стандарт аткарылып жатат.*

**4 - Стандарт. Финансылык ресурстарды башкаруу**

**Алсыз жактар:**

1. Кошумча каржылоо булактары чектелген.

**Сунуштамалар:**

1. 01.04.2026-жылга карата кошумча каржылоо булактары илитөө иштерин жургузуу планы түзүлүп, ишке киргизилсин.

*4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат*

**5 - Стандарт. Илимий-методикалык жана изилдөө иштери.**

**Алсыз жактары:**

1. Илимий изилдоолор системдуу турдо жургузулбойт экен.
2. Бизнес-инкубатор жана стартаптар жетишсиз.
3. Гранттар жана тыштан каржыланган илимий долбоорлор жетишсиз.

**Сунуштамалар:**

1. 1.04.2026 чейин илимий изилдоолордун беш жылдык планын иштеп чыгып, ар кандай изилдоолорду бир системага келтирип, планды ишке ашырышы башталсын.
2. 2026 сентябрына чейин Бизнес-инкубатор жана стартаптар уюштурулуп, ишке киргизилсин.

3. 1.04.2026 чейин жыл сайын жыйынтыктарды талдоо менен гранттарды жана тыштан каржыланган илимий долбоорлорду алуу боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгып ишке ашыруусу башталсын.

*5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат*

**Стандарттардын бааланышы**

*Стандарт 1 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат*
*Стандарт 2 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат*
*Стандарт 3 –аткарылып жатат*
*Стандарт 4 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат*
*Стандарт 5 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат*

**Эксперттик топтун аккредитациялоо боюнча чечим кабыл алуу долбоору:**

**Инновациялык технологиялар жана энергетика институту институционалдык аккредитациянын стандарттарына жана критерийлерине жооп берген жогорку окуу жайы катары 5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоо сунушталат.**

*26-27-декабрь, 2025-жыл.*